**АРАБАЕВ Ч.И.**
lib.knu@mail.ru

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДЫК МЫЙЗАМДАРЫ ЖАНА АНЫН КОЛДОНУЛУШУ

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдары жана анын колдонулушу рыноктук экономикага өтүү шартында өтө манилүү жана ал азыркы заманда "укуктун булактары" деген термин аркылуу ар кандай мааниде колдонулат. Юридикалык илимде укуктун булактарын материалдык, идеалдык жана юридикалык (формалдык) мааниде айырмалоо кабыл алынган[1].

Айрым юридикалык адабияттарда «укуктун булактары» деген термин укуктун формалары деп айтылат. Мына ошондуктан юридикалык мааниде укуктун булактарын карап чыгууда укуктун формасы деп укуктук ченемдерди билдирүүнүн жана жүзөгө ашыруунун ыкмалары түшүнүлөт, алар эреже катары, тиешелүү ченемдик актыларда объективдештирилет. Бул учурда сөз, бир түшүнүктү башкасынан бөлүү же так чектөө жөнүндө эмес, көбүнесе аларды окшоштуруу тууралу болушу абзел.

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, ченемдик укуктук акт - ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (кызмат адамынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясынын чегинде же болбосо референдум аркылуу кабыл алынган (чыгарылган), укук ченемдерин (укуктук ченемдерди) белгилөөгө, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга багытталган, аныкталган формадагы расмий документ[2].

Жарандык укукта бардык ченемдик укуктук актылар айрым ырааттуулукта жайгашкан, башкача айтканда, иретке келтирилген жана жарандык укуктун ченемдери Кыргыз Республикасынын ар кандай ченемдик укуктук актыларында сырттан туюнтуу аркылуу баяндалган.

Жарандык укуктун ченемдери алардын юридикалык күчүнө жараша жалпы мамлекеттик маанидеги мыйзамдарда же ченемдик укуктук актыларда, ошондой эле жергиликтүү маанидеги ченемдик укуктук актыларда чагылдырылган. Укукту колдонуу үчүн мамлекеттин эрк укугунун ченеминде билдирилген маанини түшүнүү гана эмес, ошондой эле жарандык укук булактарынын тутумунда тиешелүү ченемдик укуктук актылар ээлеген орунду аныктоо өтө маанилүү.

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын тутумун кодификацияланган жана учурдагы мыйзамдар, ошондой эле мыйзамдарга караштуу ченемдик укуктук актылар түзөт.

Кыргыз Республикасынын жарандык укугунун негизги жана жогорку булагы болуп Конституция саналат, анда Кыргыз Республикасынын жарандык укугунун принциптүү негизги жоболору бекемделген жана ал өлкөбүздүн жарандык мыйзамдарын кодификациялоонун юридикалык базасы катары кызмат кылат.

Атап айтканда, менчик укугунун формаларын жана мазмунун, жарандардын укукка кудуретинин параметрлерин аныктаган, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4, 16, 19-беренелери Кыргыз Республикасынын жарандык укугу үчүн негизги мааниге ээ.

Жарандык укуктун ченемдери менен жөнгө салынган турак жайдын кол тийгистиги, кат алышуу эркиндиги жана анын купуялыгы, жеке турмуштук арнамысы, эркиндиги, жеке жана үй-бүлөлүк сыр, почта, телеграф, телефон билдирүүлөрүнүн купуялыгы сыяктуу руханий дөөлөттөр жагынан жеке мүлктүк эмес мамилелер баш мыйзамыбыз болгон Кыргыз Республикасынын Конституциясында кеңири чагылдырылган[1].

---

[1] *Баранов В.М.* Формы (источники) права. Общая теория права. /Под ред. В.Л. Бабаева. – Новгород, 1993. С. 249.

[2] «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» 2009-жылдын 20- июлундагы №241 Мыйзамы. Информационно-правовая система «ТОКТОМ Универсал Лайт» 2009. http: // www.toktom.kg

[1] Алда канча кең кеңири караңыз: Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек. 2008.

Кыргыз Республикасынын жарандык укугунун булактарынын тутумунда мааниси боюнча кийинкиси болуп Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси саналат[3], ал кодификациялык тутумду түзүчү мыйзам катары өзгөчө орунду ээлейт, башка ченемдик укуктук актыларга салыштырганда жогорку юридикалык күчкө ээ жана бүтүндөй алганда Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдары үчүн юридикалык база болуп саналат.

Азыркы шарттарда Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин ролу жана мааниси баа жеткис, анткени анын укуктук жөнгө салуу жүйөсү болуп мүлктүк жана мүлктүк эмес жеке мамилелер саналат. Бүгүнкү күндө мүлктүк, же жеке мүлктүк эмес мамилелерди пайдаланбаган укук субъекттери жок, башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси жарандар менен юридикалык жактардын, ошондой эле мамлекеттин олуттуу муктаждыктарын жана таламдарын камтыйт.

Рыноктук нарк экономикасына өтүү шарттарында Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексин адилеттүү түрдө «экономикалык конституция» деп аташат. Бирок бул анын образдуу аталышы гана, анын максаты Кыргыз Республикасынын экономикасын жөнгө салууда Жарандык кодекстин өзгөчө маанисин баса белгилөө болуп саналат жана өнүккөн демократиялык мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, тигил же бул өлкөдө жарандык коомду калыптандыруу демократиялык Конституцияга караганда, Жарандык кодекске көбүрөөк байланыштуу.

Эгерде жарандык кодекстин көрүнүшүнүн дүйнөлүк тарыхына кайрылсык, өз учурунда жарандык кодекске Франциянын императору Наполеон Бонапарт канчалык зор маани бергендиги белгилүү. Ыйык Елена аралынан келген каттарынын биринде ал мындай деп жазган: «менин даңкым, мен 40 жолку салгылашууда утуп чыккандыгымда эмес, - Ватерлоонун жанындагы утулуш, калган жеңиштерди урпактардын көз алдында жаап кетет. Бирок эч качан өлбөй турган, кылымдар бою жашай турган нерсе - бул менин Жарандык кодексим»[4] .

Кыргызстанда кодекстерди кабыл алуу тарыхында Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык кодекси эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки учурда кабыл алынууга тийиш болгон мыйзамдардын сериясынан биринчи кодификацияланган тармактык ченемдик укуктук актысы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын жаңы Жарандык кодекси 1996-жылдын 8-майында кабыл алынган жана 1996-жылдын 1-июнунда күчүнө кирген жана ал 1991-жылы Кыргыз Республикасынын суверенитети жана көз карандысыздыгы жөнүндө Декларацияны кабыл алуу жаңы кодификациянын саясий-укуктук өбөлгөлөрүнүн бири болуп калгандыгы менен шартталган.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси өнүгүп келаткан экономиканын шарттарында кодификацияланган тутумду түзүүчү мыйзам катары мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес мамилелердин бүткүл массасын жөнгө салуунун укуктук негизги болуп кызмат кылат жана ага ылайык жарандык укуктун булактарынын арасында кыйла орун мыйзамдарга таандык. Атап айтканда, «Акционердик коомдор жөнүндө», «Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө», «Чарбалык коомдор жана шериктиктер жөнүндө», «Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө», «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө», «Коммерциялык сыр жөнүндө», «Массалык маалымат каражаттары жөнүдө», «Автордук укук жана аралаш укуктар жөнүндө», «Кооперативдер жөнүндө», «Дыйкан (фермер) чарба жөнүндө»[5] жана башка мыйзамдарга таандык.

Мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес мамилелерди жарандык-укуктук жөнгө салуу жагынан жарандык укуктун булактарынын ичинен Кыргыз Республикасынын Президенти жана өкмөтү чыгарган мыйзамдарга караштуу ченемдик укуктук актылар өзгөчө орунду ээлейт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары жана өкмөттүн токтомдору, тескемелери Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ылайык келүүгө тийиш[6] .

---

[3] Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси. – Бишкек, 1996.

[4] *Васильев Е.А*. Гражданское и торговое право капиталистических государств. – М., 2003.

[5] Караныз мыйзамдадын топтому. Информационно-правовая система «ТОКТОМ Универсал Лайт» 2009. http: // www. toktom. kg

[6] Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси, 2-статья, 4-пункт. – Бишкек. 2007.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ылайык Кыргыз Республикасынын Президенттинин жарлыктары анын компетенциясына кирген ар кандай маселе боюнча кабыл алынышы мүмкүн, буга тиешелүү мамилелер Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине же башка Мыйзамга ылайык мыйзам менен гана жөнгө салынышы мүмкүн болгон учурлар кирбейт.

Жарандык укуктун ченемдерин камтыган токтомдор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын Президенттинин жарлыктарынын негизинде жана аларды аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан кабыл алынат жана мыйзамдарга караштуу ченемдик укуктук актыларга кирет. Кыргыз Республикасынын өкмөттүн актыларын Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында бардык органдар, уюмдар, кызмат адамдары жана жарандар аткарууга милдеттүү [7] .

Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун жарандык мамилелерди жөнгө салган актылары Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде, башка мыйзамдарда жана башка мыйзам актыларында каралган учурларда жана алардын компетенцияларынын чектеринде гана чыгарылышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси жарандык укуктун булактары катарында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ратификациялаган эларалык келишимдерди атайын булак кылып бөлүп карайт[8]. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесине жана КР ГКнын 6-беренесине ылайык Кыргыз Республикасы ратификациялаган эларалык келишимдер жана эларалык укуктун башка ченемдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын курамдык жана түздөн түз колдонулуучу бөлүгү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары бардык мамлекеттик органдар, чарбакер субъекттер, коомдук уюмдар, кызмат адамдары жана жарандар үчүн милдеттүү болот жана республиканын бүт аймагында аткарылууга тийиш [9] .

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 86-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жергиликтүү сотторго караштуу жарандык, жазыктык, экономикалык, административдик жана башка иштер боюнча жогорку сот органы болуп саналат жана мыйзамда каралган тартипте сот процессине катышуучулардын кайрылуулары боюнча сот актыларын кайра кароо формасында алардын ишине көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат[10] .

Ошентип, жарандар менен юридикалык жактардын ортосундагы жарандык-укуктук талаш-тартыштарды чечүү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун негизги функцияларынын бири болуп саналат, ал иштердин практикасын талдоонун негизинде Кыргыз Республикасынын төмөн турган соттору үчүн сот практикасынын маселелери боюнча жетектөөчү түшүндүрмөлөрдү берет.

Юридикалык адабиятта соттук жана арбитраждык практиканы укуктун булагы деп табуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселе боюнча узак убакыт бою илимий талаш-тартыш жүрдү[11] . Алсак, укук теориясында жогорку соттук инстанцияларды чечмелөө актыларын интерпретациялык актылар катары кароо жөнүндө көз караш айтылган[12] . Сөз Кыргыз Республикасынын жогорку сотторунун жетектөөчү түшүндүрмөлөрү жөнүндө жүрүп жатат. Биздин көз карашыбыз боюнча, жарандык укукту иликтөөдө мыйзамдардын гана эмес, ошондой эле сот практикасынын мазмунун жана өнүгүү тенденцияларын эске алуу зарыл.

Жергиликтү мамлекеттик бийлик органдарынын ченемдик укуктук актыларды камтыган чечимдери жана тескемелери да жарандык укуктун булагы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 94-беренесинин 1-пунктуна ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен белгиленген өз ыйгарым укуктарынын чегинде алардын аймагында милдеттүү түрдө аткарыла турган актыларды кабыл алат. Аларга көп учурда туракжай мамилелери, соода,

---

[7] Кыргыз Республикасынын өкмөтү жөнүндө Мыйзамы. газета Эркинтоо. Июнь 2001.
[8] Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси. – Бишкек. 1996.
[9] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек. 2008.
[10] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек. 2008.
[11] *Калмыков Ю.Х.* Вопросы применения гражданско-правовых вопросов. – Саратов, 1976.
[12] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек. 2008.

жарандарга кызмат көрсөтүнүн маселелери жана башкалар боюнча жарандык укуктун ченемдери камтылган актылар кирет.

Мыйзамдарга караштуу актылар мыйзамдардын негизинде жана аларды аткаруу үчүн чыгарылат жана төмөн турган звенонун ар бир актысы жогору турган мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы чыгарган актыга карама-каршы келүүгө тийиш эмес.

Юридикалык адабиятта ченемдик укуктук актылар сыяктуу укук булактары жөнүндө маселе боюнча ар кандай пикирлер айтылып жүргөнүн белгилей кетүү керек. Атап айтканда, С.С. Алексеев ченемдик актыны укук ченемдеринин бирден бир булагы деп эсептөөгө болот деп эсептейт[13] . Каада-салттарды этибарга албай коюуга болбойт деген пикир да бар. В.М. Баранов айрым өлкөлөрдө өкүм сүргөн үрп-адаттарды баяндап, алардын максаттуу мүнөзүн ачып көсөтүп, учурдагы каада салттардын рационалдуулугуна шектенүгө болот, бирок алардын реалдуу аракетин тануу мүмкүн эмес деп белгилейт[14] .

КР ГКнын 4-беренесине ылайык ээлик кылуу ишинин кандайдыр бир жагында калыптанып калган жана кеңири колдонулган, кандайдыр бир документте жазылгандыгына же жазылбагандыгына карабастан, мыйзамдарда каралбаган жүрүш-туруш эрежелери ишкердүү карым-катнаштардын каада-салты катары таанылат. Ишкердүү карым-катнаштардын тиешелү мамилелерге катышуучулар үчүн милдеттүү болгон мыйзам жоболоруна же келишимдерге карама-каршы келген каада-салттары колдонулбайт.

Жогоруда айтылгандарга таянып, каада-салт басымдуу мааниге ээ болгон өлкөлөрдө маңызы боюнча укук ченемдери укуктун жана ченемдик укуктук актынын булагы катарында колдонула тургандыгын айтпай кетүгө болбойт.

Бардык ченемдик укуктук актылар айкын мамилелерди жөнгө салуу үчүн колдонулуп гана тим болбостон, ошондой эле колдонуунун мезгилдүү, мейкиндиктүү жана субъективдүү чектерине ээ. Белгиленген параметрлерди жана алардын колдонулушунун тартибин билмейинче ченемдик укуктук актыларды туура колдонуу мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамы жарандык укук менен жөнгө салынган мамилелердин бардык чөйрөлөрүндө колдонулат жана жарандык мыйзамдарынын колдонулушу - бул мыйзамдын тийешелүү мезгилде, мейкиндикте жана жактардын чөйрөсү боюнча жайылтылышы.

Жарандык мыйзамдардын колдонуу мезгили ал күчүнө кирген учурдан тартып башталат. Бул учур мыйзамда атайын көрсөтүлөт, эгерде мындай көрсөтмө болбосо, анда анын күчүнө киришинин мөөнөтү колдонулуп жаткан мыйзам менен аныкталат.

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын колдонулушу жөнүндө негизги жоболор КР ГКнын 3-беренесинде жана «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамында бекитилген, аларга ылайык ченемдик укуктук акт өткөн мезгилге карата колдонулбайт жана ал колдонууга киргизилгенден кийин келип чыккан мамилелерге карата колдонулат.

Мыйзам колдонууга киргизилгенге чейин пайда болгон мамилелерге карата анын күчү мыйзамда түздөн түз каралганда гана колдонулат. Жарандык мыйзам актысы колдонууга киргизилгенге чейин тараптардын ортосунда түзүлгөн келишим боюнча мамилелерден башка учурларда, жарандык мыйзам актысы колдонууга киргизилгенге чейин келип чыккан мамилелер боюнча ал колдонууга киргизилгенден кийин келип чыккан укуктарга жана милдеттерге карата колдонулат.

Эгерде келишим түзүлгөндөн кийин келишим түзүүдө колдонулгандан башка, тараптар үчүн милдеттүү болгон эрежелерди белгилеген мыйзам кабыл алынса, мыйзамдын күчү мурда түзүлгөн келишимдерден келип чыгуучу мамилелерге жайылтыла тургандыгы белгиленгенден башка учурларда, түзүлгөн келишимдин шарттары күчүн сактап калат.

Жарандык-укуктук ченемдердин колдонулушу аларды жокко чыгаруу же мыйзамда белгиленген тартипте өзгөртүү менен, болбосо мындай мөөнөт мыйзамдын өзүндө айтылган шартта колдонулушунун мөөнөтү аякташы менен токтотулат.

---

[13] Проблемы теории государства и права. / Под ред. С.С. Алексеева. – М., 1987.
[14] *Баранов В.М.* Формы (источники) права. Общая теория права. /Под ред. В.Л. Бабаева. – Н.Новгород, 1993.

Жарандык мыйзамдын мейкиндикте колдонулушу анын айрым аймакта колдонулушун билдирет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жарандык мыйзамдарынын колдонулушу анын бүткүл аймагына жайылтылат. Бирок жарандык ченемдик укуктук актыны чыгарган орган бул актынын колдонулушунун аймагын чектей алат. Мисалы, ченемдик укуктук актынын колдонулушу Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу аймактары менен чектелиши мүмкүн.

Жарандык мыйзамдын жактардын чөйрөсү боюнча колдонулушу анын укук субъекттеринин айрым категорияларына карата колдонулушун билдирет.

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын колдонулушу жарандык карым-катнаштарга катышкан жана Кыргыз Республикасынын аймагында болгон бардык жактарга жайылтылат. Көрсөтүлгөн жактарга жарандар, юридикалык жактар, коммуналдык түзүлүштөр, мамлекет кирет. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаса, жарандык мыйзамда белгиленген эрежелер чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар жана четөлкөлүк юридикалык жактар катышкан мамилелерге карата да колдонулат.

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдары укукту колдонуучу органдар жана жарандык-укуктук мамилелердин катышуучуларынын өздөрү тарабынан колдонулат. Жарандык укуктун ченемдерин туура колдонуу,- деп эсептейт профессор Ю.Х.Калмыков, анын мүнөзүн жана мазмунун айкындоону болжолдойт[1].

Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарын колдонуу жарандык укук мамилелеринин катышуучулары үчүн милдеттүүлүк даражасынын диспозитивдик (орду толтурулуучу) жана императивдик (буйрук) ченемдери боюнча айырмаланат. Мындай бөлүштүрүүнүн практикалык мааниси да бар.

## Колдонулган мыйзамдардын, ченемдик укуктук актылардын жана атайын адабияттардын тизмеси


### Укуктук-ченемдик актылар:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек, 2008.
2. Кыргыз Республикасынын жарандык кодекси биринчи бөлүк. – Бишкек, 1996.
3. «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» 2009-жылдын 20-июлундагы №241 Мыйзамы. Информационно-правовая система «ТОКТОМ Универсал Лайт» 2009. http: // www.toktom. kg


[1] *Калмыков Ю.Х.* Вопросы применения гражданско-правовых вопросов. – Саратов, 1976.

**Адабияттар:**


1. Алексеев С.С. Общая теория права. – Т. 1 – М., 1984.
2. Алексеев С.С. Гражданское право в современную эпоху. – М.: Юрайт, 1999.
3. Арабаев Ч.И. Гражданское право Кыргызской Республики: Учебник. Ч.1. – Б., «Просвещение», 2004.
4. Арабаев Ч.И. Гражданский кодекс – основополагающий закон рынка // Научно-практический правовой журнал «Укук–Право» №1-2, –Бишкек: 1995.
5. Арабаев Ч.И. Обеспечение системности в законотворческой работе. // «ПРАВО: теория и практика. Изд. «Тезарус» – Москва. №10. 2004.
6. Арабаев Ч.И. Контитуционная реформа – в человеческом измерении. // Слово Кыргызстана 2003, 20 марта
7. Арабаев Ч.И. Аналогия закона, Аналогия права (Статья) Юридическая газета Минюста КР №5,1997. июнь
8. Баранов В.М Формы (источники) права: Общая теория / Под ред. В.Л. Бабаева. – Н.Новгород, 1993.
9. Большой юридический словарь. – М., 2000
10. Васильев Е.А. Гражданское и торговое право капиталистических государств. – М., 1993.
11. Вопленко Н.Н. Реализация права. Волгоград, 2001.
12. Гражданское право: Учебник. Ч.1. Издание пятое, переработанное и дополненное. / Под ред. А.П. Сергеева и Ю.К. Толстого. – М.: «Проспект», 2001.
13. Калмыков Ю.Х. Вопросы применения гражданско-правовых вопросов.– Саратов. 1976.
14. Карташов А.Н. Применение права. – Ярославль, 1980.
15. Комментарий к Гражданскому кодексу Кыргызской Республики части первой (постатейный). Том 1. Главы 1-9. – Бишкек, 2005.
16. Комментарий к Гражданскому кодексу Российской Федерации, части первой и второй (постатейный). Автор комментариев и составитель А.Б. Борисов. – М., 2004.
17. Лазарев В.В. Пробелы праве и пути их устранения. – М., 1974.
18. Новицкий И.Б. Римское право. – М.1995.
19. Тихомиров Ю.А. Действие закона. М.,1992.
20. Теория государства и права / Под ред. В.М. Корельского. – М., 1998.
21. Проблемы теории государства и права. / Под ред. С.С.Алексеева. – М.,1987.
22. Шиндяпина Е.Д., Бошно С.В. Соотношение аналогии права и аналогии закона. // Юрист. №7.